КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC

720040, Бишкек ш., К. Тыныстанов көч., 257
Тел.: 66-24-42, факс (0312) 62-15-20

257, K. Tynystanov st., Bishkek 720040
E-mail: minedukg@gmail.com

720040, г. Бишкек, ул. К. Тыныстанова, 257
http://edu.gov.kg

**БУЙРУК** **ПРИКАЗ**

№ 264/1 2022 жылдын «3» марты

**2021-2022-окуу жылында Кыргыз Республикасынын негизги жалпы, орто жалпы билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын бардык типтеги жана менчик түрүндөгү жалпы билим берүү уюмдарында 202-2022-окуу жылын уюшкандыкта аяктоо жана "Билим берүүнүн негизги жалпы орто билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу" 2019-жылдын 22-мартындагы № 304/1 буйругун аткаруу максатында **буйрук кылам:**

1. 2021-2022-окуу жылы Кыргыз Республикасынын бардык типтеги жана менчик түрүндөгү жалпы билим берүү уюмдарында 202-жылдын 8-июнунда аякталсын.
2. Негизги мамлекеттик сынактын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү мөөнөттөрү жана түрлөрү бекитилсин:

- окутуу кыргыз, орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн жалпы билим берүү уюмдарынын **IX класстын** бүтүрүүчүлөрү үчүн 1-июндан 22-июнга чейин беш сабак (анын ичинен төрт милдеттүү, бир тандоо боюнча) өткөрүлсүн:
- математикадан (алгебрадан) комплекстүү тест (жазуу түрүндө) -11-июнда;
- эне тилинен дилбаяндын элементтери менен баяндама - 14-июнда;
- кыргыз тилинен (орус, өзбек жана тажик тилинде окутулган класстарда) жана орус тилинен (окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн класстарда) комплекстүү тест (жазуу түрүндө) -17-июнда;
- Кыргызстандын тарыхынан (оозеки)- 20-июнда;
- окуучулардын тандоосу боюнча сабактан жалпы билим берүү мектептери үчүн сабак (сабактар) тереңдетип окутулган мектеп - лицейлер, мектеп - гимназиялар, окуу – тарбиялык комплекстер, эксперименттик аянтчасы бар мектептер үчүн базалык көлөмдөн тышкары өтүлгөн темалар, бөлүмдөрдү эске алуу менен профилдик сабак боюнча кошумча сынактын өткөрүү убактысын жалпы билим берүү уюму өзү белгилейт

- окутуу кыргыз, орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн жалпы билим берүү уюмдарынын **XI класстын** бүтүрүүчүлөрү үчүн 11-июндан 23 - июнга чейинки убакытта беш милдеттүү сабак боюнча (анын ичинде бир сабак тандоосу боюнча) өткөрүлсүн:
- эне тили жана адабиятынан (эссе) -11 - июнда;
- математикадан (алгебрадан) комплекстүү тест (жазуу түрүндө) -14-июнда;
- Кыргызстандын тарыхынан (оозеки) - 17 -июнда;
- кыргыз тилинен (орус, өзбек жана тажик тилинде окутулган класстарда) жана (же) орус тилинен (окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн класстарда) комплекстүү тест (жазуу түрүндө) - 20-июнда.
- окуучулардын тандоосу боюнча сабактан;
- сабак (сабактар) тереңдетип окутулган мектеп - лицейлер, мектеп - гимназиялар, окуу – тарбиялык комплекстер, эксперименттик аянтчасы бар мектептер үчүн темаларды, бөлүмдөрдү эске алуу менен бир (эки) профилдик сабак боюнча кошумча сынактын өткөрүү убактысын жалпы билим берүү уюму өзү белгилейт.

3. IX, XI класстардын бүтүрүүчүлөрү үчүн 2022-жылдын 30-майынан баштап 7-июнга чейин сабактан тышкаркы убакта дене тарбиясы боюнча зачет өткөрүлсүн.
4. Негизги мамлекеттик сынактын жазуу түрүндөгү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы бекитилген талаптарга ылайык саат 9.00 дө башталат деп белгиленсин.
5. Кыргыз Билим берүү академиясы (Н.Дюшеева), Улуттук билим берүү сапатын баалоо жана маалыматтык технологиялар борбору (Б.Шамшидинова) 2022-жылдын 11-мартына чейинки мөөнөттө жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү үчүн окуу сабактары боюнча сынак материалдарын иштеп чыгууну жана бекитүүнү камсыз кылсын.
6. Мектеп, мектептен тышкаркы жана кошумча билим берүү башкармалыгы (М.Ж.Усеналиев):

- окуу сабактары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясынын материалдарынын билим берүүнү мамлекеттик башкаруу органдарына жана жалпы билим берүү уюмдарына өз убагында жеткирилишин уюштурсун.
- негизги мамлекеттик сынактын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясынын өткөрүлүшүнө көзөмөл жүргүзүүнү камсыз кылсын.

7. Билим берүүнү мамлекеттик аймактык башкаруу органдарынын жана жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилери:

- Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү боюнча даярдыктын жүрүшүндө мугалимдерге усулдук жардам берилсин;
- сынактардын өткөрүлүшүнө жана жыйынтыктарын жалпылаштырууга көзөмөл жүргүзсүн.

8. «Кут Билим» газетасынын редакциясы (К. Чекиров) берилген буйрукту расмий түрдө жарыялоону камсыз кылсын.
9. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө министрдин орун басары Н.С. Джусупбековага жүктөлсүн.